2. Айтматов, Ч. (1980). Кылым карытар бир күн (роман). Москва: Советский писатель. (Технология, космос жана маданий эс тутумдун жоголушу – манкурт образы.)
3. Айтматов, Ч. (1986). Плаха (роман). Москва: Молодая гвардия. (Экологиялык талкалоо, адамдын моралдык деградациясы.)
4. Айтматов, Ч. (1994). Кассандранын тамгасы (роман). Бишкек: Адабият.(Генетика, экология жана адамзаттын келечеги тууралуу фантастикалык-этикалык ойлор.)
5. Сатаева, Г. С. (2001). Айтматовтаануу Германияда. AKIPress.(https://st-1.akipress.org/… – Айтматовдун гуманизм жана глобалдык ойлору тууралуу.)
6. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы (жыл көрсөтүлбөйт). Scribd https://www.scribd.com/… – Айтматовдун илимий-фантастикалык чыгармаларынын анализи.)
7. “Дени сак планета – дени сак муун” темасы көркөм адабиятта (2025). Research Gatehttps://www.researchgate.net/… – экологиялык кризиске байланыштуу Айтматовдун чыгармалары.)
8. Айтматов, Ч. Т. И подолжается век (Буранный полустанок) [Кылым карытар бир күн]. — Бишкек: Адабият, 1980.
9. Айтматов, Ч. Т. Тавро Кассандры [Кассандра тамгасы]. — Бишкек: Кыргызстан, 1996.

УДК 82.091:821.512. **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.600**

ГЛОБАЛДЫК ГУМАНИЗМ ЖАНА АЯЛДЫН ИНСАНДЫК ОЙГОНУУСУ: ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЖАМИЙЛАСЫ МЕНЕН ГЕНРИК ИБСЕНДИН НОРАСЫНЫН САЛЫШТЫРМА ТАЛДООСУ

Жаанбаева К.Б., улук окутуучу,
ORCID:0009 0004 6260 6283
ОшМПУ
Kalipa27@hotmail.com

ГЛОБАЛЬНЫЙ ГУМАНИЗМ И ПРОБУЖДЕНИЕ ЖЕНСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ: СРАВНИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ ЖАМИЙЛЫ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА И НОРЫ ГЕНРИКА ИБСЕНА

Жаанбаева К.Б., старший преподаватель
ORCID: 0009-0004-6260-6283
ОшГПУ

GLOBAL HUMANISM AND THE AWAKENING OF WOMEN'S IDENTITY: A COMPARATIVE ANALYSIS OF ZHAMILLA BY CHINGIZ AITMATOV AND NORA BY HENRIK IBSEN

K.B. Zhaanbaeva, Senior Lecturer,
ORCID: 0009-0004-6260-6283
Osh State Pedagogical University.

Аннотация

Бул илимий макалада азыркы доордогу маанилүү руханий маселелердин бири болгон глобалдык гуманизм түшүнүгү Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повести жана Генрик Ибсендин «Куурчак үйү» драмасынын негизинде каралат. Изилдөөдө аталган чыгармалардагы Жамийла менен Норанын образдары салыштырылып, аялдын инсан катары ойгонушу, өз тагдырын өзү тандоого умтулуусу жана коомдук чектөөлөргө каршы чыгуу өзгөчөлүктөрү талданат. Ошондой эле Батыш жана Чыгыш дүйнөсүндөгү гуманисттик көз

караштардын жалпылыгы менен айырмачылыгы көрсөтүлөт. Макаланын жыйынтыгында маданияттар ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана инсан эркиндигин урматтоо глобалдык гуманизмдин негизги шарттары экени белгиленет.

Ачкыч сөздөр: гуманизм, эркиндик, аял образы, Айтматов, Ибсен, Жамийла, Нора, маданияттар диалогу, инсандык тандоо.

Аннотация

В этой научной статье рассматривается концепция глобального гуманизма, одного из важнейших духовных вопросов современной эпохи, на основе повести Чингиза Айтматова «Жамийла» и драмы Генрика Ибсена «Кукольный домик». В исследовании сравниваются образы Джамийлы и норы в указанных произведениях и анализируются характеристики пробуждения женщины как личности, ее стремление выбирать свою судьбу и ее способность противостоять социальным ограничениям. Это также показывает разницу между общностью гуманистических взглядов в Западном и восточном мире. В заключении статьи отмечается, что взаимопонимание между культурами и уважение свободы личности являются основными предпосылками глобального гуманизма.

Ключевые слова: гуманизм, свобода, женский образ, Айтматов, Ибсен, Жамийла, Нора, Диалог культур, выбор личности.

Annotation

This scientific article examines the concept of global humanism, one of the most important spiritual issues of the modern era, based on the novel by Chingiz Aitmatov "Zhamilla" and the drama by Henrik Ibsen "Dollhouse". The study compares the images of Jamiila and Nora in these works and analyzes the characteristics of a woman's awakening as a person, her desire to choose her fate and her ability to resist social restrictions. It also shows the difference between the commonality of humanistic views in the Western and Eastern worlds. In conclusion, the article notes that mutual understanding between cultures and respect for individual freedom are the main prerequisites for global humanism.

Keywords: humanism, freedom, female image, Aitmatov, Ibsen, Jamilla, Nora, Dialogue of cultures, personality choice.

XXI кылымда дүйнө коомчулугу көптөгөн социалдык, маданий жана руханий сыноолорго туш болуп жатат. Ушундай шартта адамдын кадыр-баркын коргоо, ички эркиндигин таануу жана маданияттар ортосундагы ынтымакты бекемдөө маселеси өзгөчө мааниге ээ болууда. Бул көрүнүш глобалдык гуманизм түшүнүгү менен байланышат. Аталган түшүнүк ар бир инсанды улутуна, динине, же коомдук абалына карабастан эң жогорку баалуулук катары кароону талап кылат.

Көркөм адабият -бул маселени терең чагылдырган руханий булак. Анткени, адабият - “турмуштун окуу китеби”, ал адамдын ички дүйнөсүн, коом менен инсандын карама-каршылыгын жана руханий изденүүсүн таамай ачып бере алат. Ушул жагынан алып караганда Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повести менен Генрик Ибсендин «Куурчак үйү» драмасы өзгөчө кызыгууну жаратат. Бул-абдан терең жана кызыктуу салыштыруу.

Бул эки чыгарма ар башка мезгилде жана ар башка коомдо жаралганына карабастан, алардын борборунда аял инсанынын эркиндикке умтулуусу турат. Жамийла менен Нора-коом таңуулаган ролдордон чыгып, өз тагдырын өзү аныктоого аракеттенишкен каармандар. Ошондуктан, буларды салыштыруу аркылуу дүйнөлүк гуманизмдин жалпы мыйзамченемдүүлүктөрүн аңдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Айтматов да, Ибсен дагы аталган чыгармаларында коомдук чөйрө жана аялдын чектелген абалына назарын бурат. Аларды аялзатынын эркиндиги, коомдогу орду жана ички дүйнөсүнүн эволюциясы бириктирип турат.Нора Хельмер- адепки көрүнүшүндө сыртынан караганда үлгүлүү, бакубат үй-бүлөнүн бактылуу мүчөсү. Ал- күйөөсүнө кам көргөн, балдарын баккан, тартиптүү аял. Бирок, анын жашоосундагы туруктуулук- сырткы гана көрүнүш. Чынында, Нора үй-бүлөдө тең укуктуу адам эмес. Күйөөсү аны өз алдынча ой жүгүрткөн инсан катары эмес, көңүл ачкан кооз жандык катары (“чымчыгым”, “тыйын

чычканым” деп эркелеткен, бирок, эч качан олуттуу кабыл албаган) кабылдайт. Нора өмүр бою “куурчактын” ролунда болгонун кийин сезет. (Адегенде үлгүлүү, элпек кыз катары атасынын, кийин күйөөсү Торвальддын) Мындай шартта, “алтын капаста” аялдын ички дүйнөсү көмүскөдө калат.[12]

Жамийланын абалы да башкача өңүттө көрүнгөнү менен мазмуну жагынан окшош. Ал каада-салт үстөмдүк кылган коомдо жашап, өз каалоосу эске алынбаган никеге туш болот. Садык кыз куумайда жетпей калып, кур намыстан улам ала качып алат. Келиндин милдети эмгек кылуу, улууларга баш ийүү жана элдик салт-санааны бузбоо эреже катары кабыл алынган кадимки бүлөгө кошулат. Бирок Жамийланын жандуу, шартылдаган ачык-айрым, шайыр мүнөзү жана эркин табияты мындай чөйрөдө “кысылып”, туш тараптан көзөмөлдөнгөн тар алкакка, “эски тартиптин” капасына сыйбайт.[7]

Демек, Норанын үйү менен Жамийланын айылы формасы боюнча ар башка болгону менен, экөөндө тең аялдын үнү угулбайт. Биринде шаардык буржуазиялык чөйрө үстөмдүк кылса, экинчисинде патриархалдык салт өкүм сүрөт. Эки автор тең аялды “коомдук пикирдин” курмандыгы катары эмес, өз тагдырын өзү чечкен субъект катары көрсөтүшөт.Кырдаалдардын өзгөрүшү менен каармандарда ойгонуу процесси жана чечим кабыл алуу маалы жаралат.Норанын аң-сезиминдеги бурулуш, үмүттүн үзүлүшү алардын турмушундагы оор кырдаалдан кийин башталат. Ал күйөөсүн оор илдеттен сактап калуу үчүн өз алдынча тобокелчилик менен кадам жасап, өлүм алдында жаткан атасынын колун жасалмалап коюп акча алып, карызга батат. Аны билдирбей, кыйналып иштеп, азап менен төлөйт, бирок анын бул аракети бааланбайт. Күйөөсүнөн түшүнүү, ыраазычылык, коргоо аракетин күтсө, ал тескерисинче, өз беделин гана ойлогон адам экендигине көзү жетип, түңүлөт. Ошондо Нора үй-бүлөлүк жашоосунун чыныгы маңызын түшүнүп, сүйүүсү жана ишеними биротоло өлөт. Анан ал өзүн биринчи кезекте адам катары таанууга тийиш экенин аңдайт. [13]

Ал эми Жамийланын ички өзгөрүүсү башка жол менен жүрөт. Садыктын фронттон келген каттарынан зарыга күткөн жылуулукту издеп таба албай муңайып жүргөн кезинде анын жүрөгүндөгү катылган сезимдерди Даниярдын ырлары ойготот. Августтун ажайып түндөрүндөгү жүрөктөн сызылып чыккан мукамдуу обон жана тереңден муңканган сүйүү аркылуу ал мурда байкабаган жашоонун кооздугун, эркиндиктин наркын сезет. [1] Ошол учурда Жамийла өз бактысын башка бирөөлөр чечпеши керек экенин түшүнө баштайт.

Ошентип, Норада өзгөрүү акыл-эстин жыйынтыгы катары көрүнсө, Жамийлада ал рухий дүйнөсүнүн ойгонушу аркылуу ишке ашат.

Чыгыш жана Батыш гуманизминин көркөм чагылдырылышына көңүл бөлөлү. Ибсендин чыгармасында адам укугу, жеке тандоо жана коомдук жоопкерчилик маселеси алдыга чыгат. Бул Батыш маданиятындагы рационалдуу гуманизмдин белгилерин көрсөтөт. Нора өз алдынча жашоону тандап, өзүн билим аркылуу өнүктүрүүгө умтулат. [9]

Айтматов болсо адамдын ички тазалыгын, сүйүүнүн күчүн жана жаратылыш менен гармонияны жогору коёт. Жамийланын тагдыры аркылуу жазуучу адам бактылуу болууга укуктуу экенин көркөм далилдейт. Бул Чыгыш дүйнөсүнө мүнөздүү руханий гуманизмдин көрүнүшү болуп саналат.

Экөөнүн жолу ар башка болгону менен, максаты бир — адамдын кадырын көтөрүү. Маданияттар диалогу жана бүгүнкү актуалдуулук маселесине токтолсок, Нора менен Жамийланын образдары бүгүнкү күндө да маанисин жоготкон жок. Азыркы коомдо дагы аял укугу, инсандык тандоо, руханий эркиндик маселелери актуалдуу бойдон калууда. Бул чыгармалар дүйнөнүн кайсы жеринде, кайсы убакта жашабасын, кайсы эл болбосун, бирдей баалуулуктарга муктаж экенин көрсөтөт.[10]1879-жылы Норвегияда жазылган драманын каарманы менен 1958-жылы Кыргызстанда жарык көргөн повесттин каарманынын турмуш тажрыйбасынан келип чыккан чечим окшош.Эки дүйнө бирдей тагдыр.Үйдөн чыгып кетүү оңой чечим эмес, бирок бири өзүн издеп, ”Мен эң биринчи кезекте адаммын” дегенди далилдегиси келсе, экинчиси сүйүүсү үчүн коомдун каргышына калса да, тагдырын өзгөртүүгө бел байлап, рухий эркиндикке, бакытка жетүүгө умтулуп жолго чыгат.Нора

эшикти жаап чыгып кетсе, Жамийла жаңы турмушка карай жол тандайт. Бул жөн гана “кетүү” эмес, бул- эскирген моралдык нормаларга каршы жасалган рухий төңкөрүш. Эки аракеттин формасы ар башка, бирок мазмуну окшош: эски түшүнүктөрдөн баш тартуу жана жаңы жашоого кадам таштоо.

Жыйынтыктап айтканда, Генрик Ибсен менен Чыңгыз Айтматов жараткан Нора жана Жамийла образдары дүйнөлүк адабияттагы өзгөчө көркөм табылгалардын катарына кирет. Бул каармандар аркылуу аялдын ички эркиндиги, инсандык тандоосу жана коомдук басымга каршы турушу, алардын кайраттуулугу чагылдырылган.

Изилдөө көрсөткөндөй, Нора Батыш дүйнөсүндөгү акылга негизделген эркиндиктин символу, феминизмдин манифести болсо, Жамийла сүйүү жана руханий тазалык аркылуу жетилген эркиндиктин символу болуп саналат. Экөөнү бириктирген нерсе — адам болуп жашоого болгон чечкиндүү умтулуу.Мындагы гуманизмдин жалпылыгы: Ибсен дагы, Айтматов дагы аялды эркектин көлөкөсү, же тиркемеси катары эмес, өз алдынча дүйнөсү, укугу, намысы бар инсан катары сүрөттөшөт.Ибсен Европада “жаңы аялдын”образын түзсө, Айтматов кыргыз (чыгыш) адабиятында аялдын ички дүйнөсүнүн масштабдуулугун ачып берген.”Аял-коомдун күзгүсү”, эки автордун чыгармаларын салыштыруу арылуу андагы аялдын тагдыры аркылуу бүтундөй коомдун гумандуулук деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк жаралат.Бул образдар аркылуу келечектин үнү, эки классиктин осуяты угулат.Ал-адамдын эркиндиги жана кадыр-баркы.Эки каарман тең өз доорунун курмандыктары эмес, алар өз тагдырына өздөрү кожоюн болгон жаңы муундагы аялдардын жарчылары.

Ошондуктан, бул эки чыгарма бүгүнкү күндө да тарбиялык, философиялык жана коомдук маанисин сактап келет. Глобалдык гуманизмдин негизги өзөгү — ар бир адамдын кадыр-баркын урматтоо, эркин тандоосун таануу жана маданияттар ортосундагы түшүнүшүүнү чыңдоо экенин аталган чыгармалар дагы бир жолу далилдеп турат.[9] Эки чыгарма тең дүйнөлүк адабиятта аялдын “ойгонуу” драмасынын классикалык үлгүсү.Нора менен Жамийланын образдары географиялык жана маданий айырмачылыктарга карабай, инсандын ички эркиндикке болгон умтулуусу универсалдуу экендигин далилдеп турат.Маданияттар диалогу боюнча жыйынтыктасак, Ибсен Батыштын индивидуалисттик гуманизми аркылуу аялдын укугун коргосо, Айтматов Чыгыштын лиркалык жана рухий тереңдиги аркылуу аялдын тандоо эркиндигин даназалайт.Бул образдарды салыштыруунун кесилишкен чекити- “Күн сайын адам болуу” жолундагы жалпы адамзаттык магистраль.Айтматовдук формула алардын тагдырынын өзөгүн түзүп турат.

Эки классиктин каармандары аркылуу маданияттар бири-бирин толуктай тургандыгын, глобалдашуу доорунда маданияттардын кагылышуусу эмес, алардын адамдын кадыр-баркын коргоо жолундагы диалогу маанилүү экендигине ынанабыз.Адамзаттын келечеги-технологиянын болуп көрбөгөндөй өнүгүшү, же эсепсиз байлыкта эмес, ар бир инсандын ички эркиндигинде жана бири-биринин кадыр-баркын сыйлаган универсалдуу гуманизмде, маданияттар диалогунда.

Пайдаланылган адабияттар:

1.Айтматов Ч.Балалыгым. – Стамбул: 2003: -122-123-б.
2.Айтматов Ч.8 томдук чыгармалар жыйнагы.-Бишкек, 2009 (1-т., 5-т.).
3.Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф.: 1988. – 152-б.
4. Акматалиев А.Чыңгыз Айтматов. Доор, инсан, руханият.-Бишкек-2013.
5.Бобулов К. Жаңы тилке. – Б.: 1991. – 76-б.
6. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү (экинчи басылышы). Б.: 2008. – 174 б.
7.Абдыкерим Муратов, **“**Жамийла – элдик тарбия нускаларын тебелөөчүбү, же сыйлоочубу**?”,** Адабият таануу рубрикасы**,** 23.11.2016 , Олжобай Шакир